**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**МАНАС
ШААРДЫК ДЕПУТАТТАР
КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**МАНАССКИЙ
ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ
ДЕПУТАТОВ**

**« 24 » - октябрь 2025-жыл**

**X чакырылыш
кезексиз XVIII сессия**

**ТОКТОМ №5 ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**Манас шаарынын мэриясынын муниципалдык менчигиндеги жер тилкени өткөрүп берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндөгү" мыйзамынын 5-беренесине ылайык, Манас шаарынын мэриясынын 23.10.2025-жылдагы чыг.№01-18/6662 сандуу катты, Манас шаардык депутаттар кеңешинин курулуш, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жерди пайдалануу боюнча туруктуу комиссиясынын жыйынында каралып, Манас шаардык депутаттар кеңешинин кезексиз XVIII сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Манас шаарынын Манас проспектисинин №4 дарегинде жайгашкан "Закиржан-Ата" мечити жайгашкан 1310,00 чарчы метр муниципалдык жер тилкени Жалал-Абад облустук мусулмандар казыятына мөөнөтсүз, акысыз пайдаланууга өткөрүп берүүгө макулдук берилсин.
2. Манас шаарынын мэрине (Э.Ормоков), Манас шаарынын мэриясынын Жер ресурстар башкармалыгынын башчысына (Ж.Бөрүкулов) жер тилкени өткөрүп берүүдө Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарын сактоо менен иш алып баруу жагы милдеттендирилсин.
3. Ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине мамлекеттик реестрге киргизүүгө жиберүү жагы шаардык кеңештин жооптуу катчысына (Г.Осмонова) милдеттендирилсин.
4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы курулуш, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жерди пайдалануу боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.
5. Ушул токтом Манас шаарынын www.jalal-abad.gov.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Болотов Н.Б.**